## Э к о н о м и к а

**УДК 656.022**

***Маматов Т.*** *- КТИ,* ***Камбаров Ч.У.*** *- т.и.к.,*
***Мавлянов Н. М., Мирзакматов К. Ж.***

# *Мамлекеттик транспорт инспекциясынын түштүк аймактык башкармалыгынын Жалал-Абаддагы филиалынын 2010-жылда аткарган иштери тууралуу маалымат*

Мамлекеттик сектор деп эсептелинген жол чарбасынан айырмаланган автомобиль тармагы 90-жылдардын экинчи жарым жылдыгында толугу менен менчиктештирилген жана андагы биздин иш-аракеттер жүргүнчүлөр жана жүк ташууларды лицензиялоо жана уюштуруу жолу менен жана унаа мыйзамдуулугун сактоону көзөмөлдөөнү ишке ашыруу аркылуу чектелген.

2010 жылы нормативдик укутук базаны изилдөө боюнча чоң иштер жүргүзүлгөн. Төмөндө №1 таблицада Филиалдын кызматкерлери тарабынан 2011-жылдын 12 айында 2010-жылдын 12 айына салыштырмалуу автотранспорт ишкердигин аткаруу үчүн берилген лицензиялар жана жетишкен көрсөткүчтөрү көргөзүлгөн.

Таблица 1.

| № п-п | Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2010-жыл | 2011-жыл | + / - |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Бардык берилген лицензиялар анын ичинен: | 963 | 988 | + 25 |
| | а) Юридикалык жактарга: | 202 | 241 | + 39 |
| | -жүргүнчү ташуучуларга (АК, ЖЧК, ж.б.) | 29 | 32 | + 3 |
| | -автовокзал, автобекет, автокассаларга | 7 | 9 | + 2 |
| | -жүк ташуучуларга (АК, ЖЧК) | 4 | 6 | +2 |
| | -жүргүнчүлөрдү ташуучу автоунааларга | 13 | +22 | + 9 |
| | -жүк ташуучу автоунааларга | 130 | 153 | +23 |
| | б) Жеке жактарга: | 761 | 747 | 14 |
| | -жүргүнчү ташуучу автобус м-автобустарга | 706 | 647 | -59 |
| | -жүк ташуучу автоунааларга | 55 | 96 | + 41 |
| 2 | Лицензия берүүдөн түшкөн акча каражаттары (сом) | 286500 | 293600 | +7100 |
| 3 | Берилген жүрүү кыймылынын схемасы | 335 | 338 | + 3 |
| 4 | Жүрүү кыймылынын схемасын берүүдөн түшкөн акча каражаттары (сом) | 79115-38 | 87644 - 48 | + 8529,1 |
| 5 | Жүргүзүлгөн экспертизалардын саны: | 910 | 917 | + 7 |
| | -автобустар, микроавтобустар | 727 | 674 | -53 |
| | -жүк ташуучу автотранспорттор | 183 | 243 | + 60 |
| 6 | Экспертиза жүргүзүүдөн түшкөн акча каражаттары (сом) | 52775 | 52885 | + 110 |

Таблица 2. 2011-жылдагы 12 айда жүргүнчүлөрдү ташуучу автобус, микроавтобустардын аткарган иштери.

| № п-п | Көрсөткүчтөр-дүн аталышы | Марш-руттар-дын саны | Бардык автоунаа-лардын саны | Жады-бал б-ча күнүм-дүк ат-карчу кат-р | 12 ай 2011 ж аткарыла турган кат-р | 12 ай 2011 ж. атка-рылган каттам-дар | Үзгүл-түксүз коэффи циенти | Күнүм-дүк автобус тардын чыгуусу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Шаарлар аралык автобу-стук каттамдар боюнча | 20 | 106 | 66 | 23991 | 23031 | 96,0 | 41 |
| 2 | Шаар четиндеги автобустук каттамдар боюнча | 83 | 262 | 866 | 311836 | 289072 | 92,7 | 182 |
| 3 | Шаар ичиндеги автобустук каттамдар боюнча | 17 | 296 | 1604 | 583054 | 519501 | 90,1 | 178 |
| | Баардыгы: | 120 | 638 ■ | 2536 | 918881 | 831604 | 90,5 | 401 |

Пландагы автобустук каттамдардын аткарылбай калышынын себептери ирээтсиз, башаламан иштеген жеңил таксилердин күн сайын көбөйүп кетишинин негизинде автобус айдоочулары жадыбалда көрсөтүлгөн каттамдарды жүргүнчүлөрдүн кескин азайып кетишинен толук кандуу аткарылбай калгандыгынан болгон.

2010-жылда 118 каттам боюнча жүргүнчү ташылса, бүгүнкү күндө 120 каттамда гана жүргүнчүлөр ташылууда жана 56 каттамда автобустардын кыймылы токтоп калган, анын ичинен 3 каттам жол шартынын талапка жооп бербегендигинен жабылса, 53 каттам автобус айдоочулары жеңил таксилердин адилетсиз теңтайлашуусуна туруштук бере албай жабылып калган. Чет жактарда иштеп келген биздин граждандар өлкөбүздө иш орундуктары жок болгондуктан өзгөчө жаштар ал жакта тапкан каражаттарына жаңы заманбап автоунааларды алып келишип, такси катары иштетишүүдө. Азыркы учурда таксилердин ишин көзөмөлдөгөн орган жок болгондуктан дагы эле болсо калган кээ бир автобустук каттамдар жабылып калуу абалында турат.

Айтсак 2011-жылда 7 автобустук маршрут тактап айтканда Сузак району боюнча 6: Жалал-Абад - Каду, Жалал-Абад - Мөл-Булак, Жалал-Абад - Кара-Март, Жалал-Абад - Гулистан, Жалал-Абад - Жаңы-Дыйкан, Жалал-Абад - Жерге-Тал Ноокен району боюнча 1:1. Кочкор-Ата - Арал - Кочкор-Ата автобустук маршруттары токтоп калды. Ошого карабастан филиалдын жүргүзгөн иш-чараларынын негизинде 1 жаңы маршрут Кара-Көл шаарында шаар ичиндеги маршрут ачылып, токтоп калган 8 автобустук маршрут: шаарлар аралык — 4; 1. Кара-Көл - Өзгөрүш, 2. Токтогул - Өзгөрүш, 3. Кербен - Шамалды-Сай, 4. Кербен - Райкомол. Шаар четиндеги - 4; 1. Базар-Коргон - Арсланбап, 2. Кербен - Сыны, 3. Кербен - Мундуз, 4. Таш-Көмүр - Шамалдуу-Сай кайрадан жандандырылып адилетсиз теңтайлашууга чыдап иштеп жатышат.

2010-жылда филиалдын кызматкерлери тарабынан 25202 автотранспорт кара-жаттары текшерилип, 920 транспорттук тартип бузуу фактылары аныкталган. 2010-жылга

салыштырмалуу 13245 автомашина көп текшерилип 254 тартип бузуу фактылары көп аныкталаган.

Аныкталган тартип бузуу фактылары боюнча 602 айдоочуга ордунда жарыйма салынып, 318 айдоочуга административдик укук бузуу фактысы туралуу протокол түзүлгөн, алардын ичинен жетөөсү юридикалык жактарга. Административдик укук бузуу фактылары боюнча 152760 сом өлчөмүндө айып салынып, анын 144760 сому өндүрүлүп Мамлекеттин бюджетине өткөрүлүп берилген. КРнын экономика жана тескөө Министрлигинин жолдомосу менен 27 жүргүнчүлөрдү ташуу менен алектенген юридикалык жактар текшерилип 56 административдик укук бузуу фактылары аныкталды, 27 юридикалык жактарга эскертүү берилген жана алардын аткарылышы көзөмөлгө алынган.

Министрликтин «Ар бир калктуу конушту автобус тейлөөсү менен камтуу» программасын турмушка ашыруу максатында биздин кызматкерлер МАИ, жолдорду тейлөөчү мекеме ишканалардын кызматкерлери менен биргеликте техникалык абалы талапка жооп беребеген жолдорду текшерип, тиешелүү документтерди даярдашты. Алардын негизинде мамлекеттик транспорт инспекциясы программаны аткаруу боюнча конкерттүү иш-чара планы иштелип чыгылды. Иш-чара пландын негизинде автобус тейлөөсү менен камтылбаган айылдарды айыл округдар менен атайын иш жүргүзүп, трассага жакын жайгашкан, эл жашабаган, аз сандагы (200ге чейин) эл жашаган автобус каттамын уюштуруунун заарылчылыгы жок болгон айылдардын санын, айылдарга баруучу жолдор кимдин балансында турушун тактап чыгып, айыл округдарынан тиешелүү тактамалар алынды. Аткарылган иштердин жыйынтыгы боюнча областын статистика комитетинде каттоодо турган 16 айылда эл жашабастыгы, 19 айылда саны 200гө жетпеген (анын ичинен 10 айылда 100гө жетпеген эл жашагандыгы) жана 21 айыл трассага жакын жайгашкандыктан автобус каттамын уюштуруу зарылчылыгы жоктугу, 86 айылдагы жолдордун техникалык абалы талапка жооп бербегендиктен тейленбей жаткандыгы, 69 айыл жеңил таксилерге байланыштуу автобус кыймылы токтоп калгандыктан тейленбей жаткандыгы аныкталды жана айылдарды автобус менен камсыз кылуу пайызы төмөнкү көрсөткүчтү түздү:

Айылдардын саны – 405

Тейленгени - 375

Тейленбегени - 30

375 : 405 = 92,6 %

Азыркы учурдагы автотранспорт тармагындагы негизги көйгөйлүү маселе бул жеңил таксилердин, жүк ташуучу автотранспорттордун ишкердигин лицензиялоо жолу менен ирээтке келтирүү. Лицензиялоонун негизинде өкмөттүн бюджетине кошумча миллиондогон акча каражаттары түшө баштайт эле. Мисалы 2009 жылы май-июнь айларында эле 312 жеңил такси жана 365 республика ичинде жүк ташуучу автотранспортторду лицензиялоодон эле 203100 сом акча каражаттары бюджеттин эсебине которулган. Тилекке каршы өкмөттүн 15.06.2009 жылкы №382 токтому менен жеңил таксилердин, Республика ичинде жүк ташуучу автотранспорттордун ишкердигин лицензиялоо туралуу №181 токтомун колдонуу 2009- жылдын 25- июнунан токтотуп койгон.

Ошондуктан токтоп калган маршруттарды жандандыруу үчүн, жеңил таксилердин ишин ирээттештирүү үчүн, жол кыймыпынын коопсуздугун сактоо үчүн, жүргүнчүлөрдү маданияттуу тейлөө үчүн жана жергиликтүү бюджетке акча каражаттарын түшүрүү үчүн тез аранын ичинде КР өкмөтүнүн 19.03.2009 жылдагы №181 токтому жандандырылышы керек.

Унаа тартибин бузгандыгы үчүн 12 жүк ташыгыч лицензиясынан ажыраган, 548 лицензиянын иш-аракети токтотулган.

Унаа закондуулугун бузгандыгы үчүн Мамлекеттик унаа инспекциясы тарабынан жүк-ташыгычтарга 253 билдирүү келип түшүп, 5млн. 87,5 миң сом суммасындагы жаза акы жүктөлгөн.

Былтыркы жылы жүргүнчүлөрдү ташуу коопсуздугун жогорулатуу максатында биринчи ирет унаа каражаттарынын кыймылын спутниктен байкоо системасы киргизилген. Азырынча «Бишке-Каракол» каттамында гана аркетте. Биз бизнес-долбоор иштеп чыктык жана ошол спутниктен көзөмөлдөөнү башка каттамдарга да жайылтуу боюнча инвесторлорду изилдеп жатабыз.

ТРАСЕКА, КТС, СНГ, ЭврАзЭС, ЦРЕС, ОЭСтин эл аралык унаа комплексин өнүтүрүү боюнча маселелерди карап чыгуучу, унаа саясаты боюнча кеңештери сыяктуу эл аралык уюмдар менен өз ара алакалар активдештирилген. Мунун натыйжасында быйыл Кыргыз Республикасында логистикалык борборлорду түзүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө боюнча жаңы долбоор башталат жана ЭврАзЭСтин Интеграциялык комитетинин алдында унаа саясаты боюнча кеңештин Ош шаарында (2012 ж. биринчи этапта), андан соң Бишкекте (экинчи этапта, 2020ж. чейин) логистикалык борборлорду куруу жөнүндөгү чечим кабыл алынган.

Автобус каттамдарында автобекеттерден жана жүргүнчүлөр агымынан жөнөтүлгөн автобустардын саны жыл сайын азайып бара жаткандыгын белгилеп кетүү керек. 2008 жылда автобус каттамдарындагы жүргүнчүлөр агымы 2520 адамды түзгөн, жана 2007 жыл менен салыштырганда 8%га азайган. Булл көрүнүштүн негизи болуп лицензияланбаган жеңил такси же минивендерде жүргүнчүлөрдү ташуунун пайызы көбөйүп кетиши менен шартталган.

**Жыйынтыктоо**

1) Университеттер жана ТРАСЕКАдай эларалык уюмдар менен биргеликте унаа инспекциясынын иш аракетин активдештирүү.
2) Жүргүнчүлөрдү тейлөө сапатын жакшыртуу жана автобекет менен автостанциялардын кирешесин жогорулатуу боюнча иш аракетин уланттуу.
3) Жол-транспорт кокустукун төмөндөтүү натыйжасында жеңил автоунааларга лицензия берүүсүн күчөтүү.

***Адабияттар***

1. *Горев А.Э.* Грузовые автомобильные перевозки.- М., 2004
2. *Олешенко Е.М., Горев А.Э.* Основы грузоведения.-М., 2005
3. «Таза жол» республикалык коомдук саясый жана маданий гезит №5, 2009ж 12-февралындагы чыгарылышы.